***В.С. Акматова,***
*И.Арабаев атындагы КМУ*

# А.ТОКОМБАЕВДИН «КАТЫ» ЖЕ АКЫНДЫН «МАНАС» ЭПОСУ БОЮНЧА ТАЛАШКА НЕГИЗ БОЛГОН КӨЗ КАРАШЫ

*А.Токомбаевдин Кыргызстан КП БКнын секретарлары жол. А.А. Масалиевге, Г.Н.Киселевго жазган «Каты» «Манас» эпосунун айдыңында келип чыккан курч талаш-тартышка негиз болгон. Акындын позициясына адилет баа берүү үчүн анын эпоско карата көз караштарынын өзүнө кайрылып, талдоо негиздүү.*

«Манас» эпосунун тегерегиндеги акыркы идеялык айыгыш тууралуу чындыкка жакындабаган айрым пикирлерди төгүндөө, маселенин түпкү жагдайын аңдап-билүү үчүн ошол карама-каршылыктын келип чыгышына себеп болгон А.Токомбаевдин «Катына» кенен токтолуу менен талаш-тартыштагы карама-каршы тараптардын позицияларына обьективдүү баа берүүгө болот.

«Кат» «Кыргызстан маданияты» жумалыгына төмөнкүдөй түшүндүрмө менен жарыяланган: Аалы Токомбаевдин Кыргызстан КП БКнын секретарлары жол. А.А. Масалиевге, Г.Н.Киселевго «Катын» окурмандардын жана кат ээсинин көшөрө койгон талабынан улам, «А.Токомбаевдин 1986-жылы, март айында Кыргызстан КП БКга жазган жана «Манас» эпосуна байланыштуу анын эл алдында чыгып сүйлөгөн

сөздөрүнө негиз болгон катын жарыялайбыз» (КМ.-1987.-10-декабрь). [1]

Кат ээси 1952-жылдагы конференцияга кайрылып, «бардык каралган вариантардын ичинен Сагымбай Орозбаковдун версиясы башка варианттарда кездешпеген окуялар менен фактыларга толтура экендиги жана ошонун баарын айтуучу өзү кошкондугун конференция бир добуштан белгилегендигине токтолот. Манастын түндүктөгү орустарга, Кавказга, Кашкарга жана д.у.с. дал Индиянын өзүнө чейин жасаган баскынчылык жортуулу; ошонун баарында мусулман динин жайылтуу идеясын басымдуулук кыла тургандыгын айтып, панисламизм менен улутчулдуктун тенденциясы ачыктан-ачык көрүнөт деп жазган. Мына ушундай кемчиликтери ачык көрсөтүлүп турса да, «Манастын» редколлегиясы 1978-жылы эпосту бастырып чыгарууда С.Орозбаковдун ушул вариантын негиз кылып алгандыгын туура эмес чечим, жаңылыштык деп эсептейт. [2]

Акындын «Катында» вульгардык-социологиялык сындагы Манас» эпосу кабылган бардык айыптар кайрадан, так ошол бойдон козголгону көрүнүп турат. Андан да тереңдетип айтсак, А.Токомбаевдин койгон дооматтары 52-жылкы эпостун элдик экендигине шек санаган Боровков, Климовичтердин позициялары менен үндөшүп тургандыгы ачык байкалат.

Эпостон алынган конкреттүү эпизод аркылуу Манастын Каныкейге үйлөнүшүнө кенен токтолуп, «кайдагы бир мифтик, жок элди эмес, тажиктерди сабап-кырып жаткандыгын эске алуу керек. Манастын чыргоо жана зөөкүрлүгүн далай кордук менен ызага дуушар болгон Каныкей араң дегенде токтотот»,- [3] деп, оюн андан ары ушул эле өңүттө улантып «Окурмандарга биз эмнени сунуш кылып жатабыз деги! Биздин каарман күнөөсүз тажиктерди кырып-жоюп жатпайбы. Айта кетүү керек, Сагымбайдын вариантында гана Манас зулум, жинди катары көрсөтүлөт» деген тыянактарында Манасты дагы бир ирет «зулум, жинди» деп атайт (30-жылдардагы адабий айкашта да дал ушунтип атаган эле) [4].

1952-жылдагы конференцияда идеологиялык жактан кемчилиги жок жерлерин тандап алып, кошмо вариантын түзүп китеп кылып чыгаруу сунушталганын, бул жагынан эч нерсе жасалбагандыгын, жогорудагы талаптардын эч бирине жооп бербеген, идеологиялык жактан кынтыксыз эмес вариантты чыгарууга кеткен каражат, күч-кубаттын текке сарпталганын баса белгилеп өтөт. Андан ары эпостун атын ыйгаруудагы ашкере кетүүлөрдү эсептейт: аэропорт, кинотеатр, канал, село, колхоз, совхоз, район, папирос, бальзам, конфет, коньяк, карандаш, филармониянын алдындагы «Манас» комплекси. Ошол эле учурда бул тенденцияны ыргыз эли өзүнөн чыккан эң мыкты продуктуларга, орчундуу жер деп эсептегендерине эпостун атын ыйгарууга аракет катары да баалоого болот. Токомбаевдин көз карашынан пролеткультчулуктун жышааны сезилип турганы чындык.

80-жылдардын орто ченинен тартып коомдо терең өзгөрүүлөр болуп, марксизм-ленинизмдин түбөлүктүү идеялары акырындык менен кыйрап, улуттардын өзүн өзү таануусу күчөп, улуттук баалуулуктар кайра жарала баштаган. Коомдогу тарыхый өзгөрүүлөрдү акын өз учурунда сезбей калган.

1988-жылы А.Токомбаев дүйнөдөн кайтып, 21-июнда жерге берилген. 30-июндагы «Кыргызстан маданияты» санына А.Токомбаевдин «Мунун пайдасы кимге» - «Кому это выгодно» деген жообу орус жана кыргыз тилдеринде жарыяланган [5].

«КМ» А.Токомбаевдин «Мунун пайдасы кимге?» деген макаласын 23-июндагы санына даярдашканын, бирок акындын каза тапкандыгына байланыштуу ошого карата материалдар берилгенин эскертүүсүндө берет. Редакция макаланы токтотуп коюуну бир нече ирет сурагандыгын, бирок маркумдун үй бүлөсү макул болбогондугунан улам аргасыз басууга берилгендигин белгилейт. Бир топ мезгилден кийин акын каза тапкандан бир аз убакыт өтсө да, ага байланыштуу макалаларды жарыялашкандыгы үчүн редакцияны күнөөлөгөн пикирлер орун алган. Бирок редакция макаланы токтотуп коюну сунуштаганына карабастан, акындын жакындары макаланы жарыялоону улам-улам өтүнүшкөндүгүнөн улам жарыя кылгандыгын белгилешкен.

Акын бул макаласында жогорудагы «Катында» берилген ойлорун андан ары тереңдетип, кеңейтип берген, б.а. мурунку ойлорун андан ары уланткан.

А.Токомбаев мына ушул «Мунун пайдасы кимге?» деген макаласын Кыргызстан Жазуучулар Союзунун катчылары О.Султанов, К.Акматов, Ө. Даникеев, Ж.Мамытовдор кол койгон «Токомбаевдин каты тууралуу» (Кыргызстан маданияты. 1987. 10.сентябрь. -№37) жана «Токомбаевге жооп» деген аталыштагы редакциялык макалага карата жазган. Автор бул макаларда «акыйкаттан айыңы, жалгандан жалаасы көп бул материалдар коомчулук алдында мени каралап, бүткүл чыгармачылыгымды, адамдык мүлдө парасатымды жокко чыгарууга жана оозго алгыс сөздөр менен кордоп, арсыз акаарат айтуу жолу менен болсо дагы маселенин негизги түйүнүнөн алаксытууга багытталгандыгын» айтып, «абийирсиз кампания» [6] деп атаган. Токомбаев таңуулап жаткан «талкуу дегендери да чындыкка жатпайт деген оюн билдирип, эпосту «тазалоо зарыл» деген идеясынан катпай турганын билдирет. Бирок маселенин чоо-жайы акын белгилегендейби же башкачабы? Бул түйүндүү маселеге кайра эле акындын көз караштары так, туура жооп бере алат.

Акын андан ары эпостун тегерегиндеги өзүнүн эмгектерине токтолот. А.Токомбаевдин оппоненттери деле анын «Манас» эпосуна байланыштуу эмгегин баалашып, бирок ошол мезгилдеги көз карашына карама-каршы пикирге өтө качуусун күнөөлөшкөн эле. Тилекке каршы А.Токомбаевдин көтөрүп чыккан дооматтары акындын эмгектерине көлөкө түшүрүп, коомчулуктун аң сезиминде «Манас» эпосуна каршы» деген ойду жараткан.

Эпосту жыйноо мезгилинде кимдер, кандай максатта ишке ашыргандыгын оппоненттери (К.Асаналиев, С.Мусаев) билбегендигине нааразы болуп, өзү түшүндүрмө берет: «Түркстан Борбордук Аткаруу Комитетинин алдындагы Кыргыз секциясын жетектеген Т.Жанузаков деген адам улутчул, пантүркист, басмачы» болгондугун айтат. Бирок канча бир инсандарга жалган жалаа менен ушундай ярлыктар тагылганын, ошол мезгилдеги коомдук-саясий акыбалды акын замандаш катары эң сонун билет эле. «Ушул адамдын көрсөтмөсү менен шектүү адамдар кыргыз айылдарын кыдырып, алар колдогон жергиликтүү манаптар С.Орозбаковду ортого алышып, «Манас» айтаар алдында эпосто жок темаларды, эпизоддорду кошуп айтышкан» [7] деген оюн таштыктай турган документтерди кезиктире алган жокпуз.

С.Орозбаковду буржуазиялык-улутчулдардын колдонуусу тууралуу пикирди ар кандай өңүттөн көп жылдар бою ар ким айтып келгендиги белгилүү, би-

рок муну фактылык далилдөө болгон эмес. Ушул 50-жылдардын башына чейин айтыла берип тамтыгы чыккан вульгардык көз караштı ушунча жыл өткөндөн кийин кайра кайталоонун зарылдыгы бар беле!? А.Токомбаев мурдагы «Каты» менен чектелгенде өзүнүн көз карашындагы догматикалык стереотиптер мынчалык ашкере болмок эмес. Акын канчалык тереңдеген сайын анын көз карашындагы алашемдиктердин бети ошончолук ачыла бергендиги байкалат.

«Улутчулдар «Манасты» өз идеологиясынын ураанына айландырууга аракет жасашкандыгы, жасалма жалганган, коодолгон, «кошумчаланып», «толукталган» эпос аркылуу алар өз идеясын жайылтуу максатын көздөшкөндүгү тууралуу айткандары 30-жылдарда жазылгандай сезилип, таптаза демагогия. Улутчулдар түзгөн «Манас» варианты боюнча «Академия кечелери» спектакли коюлгандыгын ырастайт.

К.Тыныстановдун «Академия кечелерине» байланыштуу идеялык күрөштүн таржымалына токтолуп, «Мен «Манаска» эмес сахнага коюлган «Академия кечелериндеги» Манастын образына каршы чыккамын» [8] деген оюн билдирет. Бирок, К.Тыныстановдун чыгармасындагы Манас менен эпостогу Манастын ортосунда айырма болбогондугун акын ошол учурда да, кийин да мыкты билген.

Спектаклде колхоз-совхоздоштурууга каршы багытталган душман идеологиясы адырайып ачыкка чыккан» [9] деп, спектаклдин эл арасындагы терс таасири тууралуу ишенимсиз далилин келтирет. «Кечелердеги» Калыгул, Арстанбектин ырларындагы «орус келсе, айлаң не болот» маанисиндеги саптарын колдонуу терең жаңылыштык деген оюн бекемдейт. Акын кыргыз адабиятынын бардык мезгилдерин башынан өткөргөн адам катары замана акындарына карата мамиле идеологиялык көз караштан келип чыккандыгын, алардын мурастарын актоо үчүн бир топ аракеттер жасалгандыгын жакшы билген. Улуттук мурасты актоо позициясын тутунуунун ордуна өзүнүн жаңылыш көз карашын көп жылдар кийин билдирүүсү чоң ката болгон.

А.Токомбаев өзүнүн дарегине айтылган сындан актанууга аракет жасаган өңдүү, бирок ал бал макалада айтылган ойлору менен өзүнө коюлган айыптарды биротоло далилдеп, айыбын дагы күчөтүп алган. Тилекке каршы бул макалада берилген көз караштары ага тагылган «саясий демагог», «ой жүгүртүүсүнүн артта калгандыгын» дагы бир ирет көргөзүп койгон.

«Академия кечелерине» кайрылып, ашкан чагымчыл, бузуп-жаргыч чакырыктары жөн өтпөгөндүгүн, кат-сабатсыз, саясий караңгы калктын башын айлантып, арасын иритип, Совет бийлигине ишенбөөчүлүктү пайда кылгандыгын, жер-жерлерде басмачы баш кесерлер совет мекемелерин талкалап, райондук, советтик, партиялык кызматкерлерди өлтүрүп кетип, Абдылда, Кулчун, Мамбетинов жана аларга окшогон бир топтор ат башылыктардын малын талап, чет жакка кире качканы» тууралуу айтуусу менен акын 30-жылдардагы көз караштардын чеңгелинен кутула албагандыгын ашкере кылат. Пьеса тууралуу М.Белоцкийдин китебиндеги (М.Л.Белоцкий. Киргизия.Партиздат ЦК ВКП(б) – М.,1936) «кыргыздын бай-манапчыл интеллигенциясы эпостун эл арасындагы эбегейсиз зор кадыр-баркын өз кызыкчылыгына пайдаланууга аракет жасашты. Андыктан эпос контрреволюциянын көтөргөн туусуна айланды» [10] деген пикирине токтолот. Өз мезгилиндеги (жарым кылым мурдагы) «Академия кечелерине» карата койгон дооматтарын ырастоону улантат.

А.Токомбаевдин жогорудагы пикирлеринен улам советтик идеология улуттук интеллигенциянын ой жүгүртүүсүн биротоло мукуратып, коммунисттик партиянын чечимдеринен башка нерсени көрө албай турган абалга жеткиргенби же А.Токомбаев өзүн коомчулук алдында актоо үчүн аргасыз ушул фактыларга кайрылууга мажбур болгонбу деген ойду жаратат.

30-жылдардагы идеологиялык кармаштардын кайгылуу сабактарынын өз мезгилинде жеткиликтүү изилденбегендигин белгилеп келип, СССР ИАсынын президенти, академик С.И.Вавилов менен башкы илимий катчысы академик А.В.Топчиевдин колу коюлган токтомдон (1950-ж. 20-октябрь) үзүндү келтирет: «…Кыргыз адабиятчылары советтик адабият таануу жетишкендиктеринен кыйла даражада ажырап, теориялык төмөнкү деңгээлде иштеп келген. Кыргыздын баатырдык эпосу «Манас» идеализацияланган, «Манас» эпосунун басмага даярдалган бир топ көлөмдүү текстин жарыялоонун алдында жаңыча мамилени талап кылган орчундуу иштерди аткаруу зарыл. Институттун жетекчилиги жана СССР илимдер академиясынын кыргыз филиалынын президиуму буржуазиячыл-улутчулдукка (Саманчин, Бектенов, Байжиев) баа берүүдө саясий сокурдукка жол берген, идеологиялык майдандагы алардын зыяндуу ишмердигинин залдары түптамырынан бери жоюлган эмес, принципиалдуу, чыныгы илимий сын жана өзүн өзү сыноонун өнүгүшүнө ыңгайлуу шарт түзүлбөгөн». [11]

Кыргыз илимпоздорунун экинчи мууну укуктук жактан да, жарандык жактан да акталгандан кийин өткөндү кайра реставрациялоонун зарылдыгы бар беле. Бул маселелерге 1952-жылы эле чекит коюлуп, жыйынтык чыккан. Аларды күнөөлөөнүн негизсиздиги далилденип, илимий чөйрөдө ачык да, тымызын да алардын ишмердигинин адилетсиз айыпталганын сезип-туюшкан. Ждановчулуктун курмандыктары акталып, идеологиялык ошол саясаттын туура эместигин турмуш далилдегенин, андан бери кыргыз илими өнүгүп, манастаануу боюнча да бараандуу эмгектер жазылгандыгын акын билсе да, 40-жыл мурдагы токтомго, көз карашка эскирбеген аксиомадай кайрылып жаткандыгы да жаңылыштык болгон. Жогорудагы А.Токомбаевдин тезистери - 30-жылдардагы, андан кийинки 40-жылдардагы каргашалуу кыйроолор, кийинки советтик цензуранын айынан жапа чегүүлөрдүн бардыгында жеке эле совет өкмөтү эмес, анын апологеттери улуттун өзүнүн ичинен чыккандыгын, улуттун рухий талкалануусун өз колдору менен жасашкандыгына дагы бир далил.

1952-жылдагы конференцияга кайрадан кайрылып, М.Богданова, М.Ауэзов, Б.Юнусалиев, Т.Сыдыкбековдун, К.Боровковдун жана өзүнүн сөздөрүндөгү, улутчулдардын пантүркисттик, панисламисттик консультацияларын ар кандайча ырастаган пикирлерин ортого салат, кенен цитата келтирет. Айрыкча эпосту жокко чыгарууга аракет жасагандардын ана башы катары Боровковду бир тараптуу жектөөлөр орун алган учурда анын докладына кенен-кесири токтолуп, анын позициясы менен өзүнүн оюнун тууралыгын далилдегиси келет. Баатырдын үйлөнүшүндөгү «кемчиликтерди» табуусун өзгөчө колдоп, Сагымбайдын вариантынын азыркы басылышында да ушундайча берилип калгандыгын айтат. Боровковдун пикирлери ошол эле конференцияда башка оппоненттер тарабынан катуу сындалып, негизги тезистери жокко чыгарылган.

Андан ары конференциянын жыйынтыктарынан улам кабыл алынган токтомго кайрылып, эпоско та-

гылган негизги «кемчиликтерден» кенен үзүндү келтирип, «Чоң казатка» (1946) өзгөчө токтолот. Бирок ал мезгил коммунисттик-идеология кульминациясына жетип турган учуру болчу. Ошол мезгилде эле «Манас» эпосуна коюлган айыптардын негизсиздигин далилдөөгө канча бир аракеттер жасалган, эпоско сын көз караштын өзү жаңылыш, идеологиялык максатта болгондугу ачык белгилүү болчу.

Акын бул маселени бир нече ирет көтөргөндүгүн дагы бир ирет айтып өтөт. Биринчи том азап менен оңдолуп, экинчи жана үчүнчү томдор оңдолбой эле жарык көрүп жаткандыгын айтат.«Биринчи жана экинчи томдогу кийин кирген саясий-улутчул мүнөздөгү каталыктар, арийне, андай «алалыктан» 3-жана 4-томдор да куру эмес» деп, Көкөтөй каза болор алдында ашка кимдерди чакыруу, кимдерди чакырбоо тууралуу масилетиндеги сөзүнө кайрылып «орус элин чакырбай эле койгула деген» [12] сөзүн мисалга тартат. Бирок бул саптарда оруска каршы эч кандай идея берилбейт, анан калса эпосту карандай чындык, мамлекеттик документ катары саноо туура эмес экендиги талаш-тартышта канчалык көп айтылганы менен акын өжөрлүк менен беттегенин берген эмес.

1946-жылы Москвадан жарык көргөн «Чоң чабуул» китеби пайдалануудан алынсын деген өңдүү жалпыга белгилүү документтик так фактыны таптакыр танып жатышкандыгын, жогоруда айтылган документтерде: «Чоң чабуул» улутчулдар реакциялык түрдө бурмалаган «Манастын» олуттуу бөлүгү» деп кашкайта жазылып турбайбы? деп оппоненттеринин (С.Мусаев, К.Асаналиев) муну байкашпай жатышкандыгы үчүн күнөөлөйт.

Мурда да КП БКнын катчысы Молдобаевге кат жазганын, жоопсуз калгандыктан пленумда сүйлөгөндүгүн белгилейт. КБВ менен С.Орозбаковдун вариантын салыштырып караш керек эле дейт. Акын оппоненттеринин оюн дагы бир ирет жалаа, бузукулук деп атап, жыйынтыгында: биздин нукура элдик, идеологиялык, таптык позициябызга ылайык реакциялык-улутчул, феодалдык-клерикалдык кириндилердин бардыгынан тазаланууга тийиш» деген корутундусун чыгарат. [13]

Макала 40-50-жыл мурда жазылганда актуалдуу болмок. «Манас» эпосунун тегерегинде олуттуу маселени көтөрүп чыккандай таасир калтырмак дегенибиз менен акындын ушул пикирлери ошол жылдары эле жалпы кыргыз интеллигенциясы тарабынан колдоого алынбай карама-каршы тараптардын талкуусу жүргөн эмеспи. А.Токомбаевдин эпоско койгон дооматтарынын канчалык чындыгы бар экендигин тастыктоо аракетинде анын жана анын оппоненттеринин пикирлерине кенен токтолгонубузда, акындын позициясынан улам «Манас» эпосуна коюлган негизсиз дооматтардын бардыгын актоону, бардык адилетсиз талаш-тартыштардын тууралыгын ырастоону көрө алдык. Андан да конкреттүү айтсак, эпоско жан-дили менен кызмат кылышкан биринчи жана экинчи муундагы кыргыз интеллигенциясынын трагедиялуу тагдырларынын күнөөкөрүн актоого туура келет. Тилекке каршы «Манас» эпосундагы акын атаган катмарлануулар советтик идеологиянын утурумдук-коньюнктуралык саясатынан улам келип чыгып, акырындык менен өзүнүн маанисин жогото баштаган.

Акын акыр аягына чейин кошөрүп, өз позициясынан кайтпастан, анын тууралыгына ишенгендигин А.Токомбаевдин үй музейинин архивинен алынган дагы бир Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы А.Масалиевге жана КП БКынын катчысы Г.Н.Киселевго багышталган катынан байкоого болот. Акын өзүнө карата жактырбоочулуктун себебин С.Орозбаковдун вариантындагы редколлегия тарабынан кетирилген идеологиялык жана саясий олуттуу каталарды көрсөткөндүгүнөн улам деп эсептейт.

Ошол учурда А.Токомбаев улутчулдук тенденциясы совет мамлекетинин тарыхында болуп көрбөгөндөй актуалдуу боло баштаганын сезбей калган. Мурдагы улутчулдар азыркы улуттук баатырлар катары санала баштаган аң сезимдеги төңкөрүштү өз учурунда илгиртпей байкап кала албаган акын «улутчулдук» маселесин көтөрүү менен жаза басып алып, улуттук нигилизми үчүн күнөөлөнгөн.

Акын өзүнүн таржымалындагы бардык талаш-тартыштарга улум-улам токтолуу менен өзүн актоого аракеттенет. Тилекке каршы бул аракет акындын өзүнө каршы иштеп калган.

***Адабияттар***


1. Кыргызстан КП БКнын секретарлары жол. А.М.Масалиевге, Г.Н.Киселевго Кыргызстан КП БК мүчөсү Аалы Токомбаевден кат // Жаңы Ала-Тоо.-2011.-№9.-Б.142-148.
2. Көрсөтүлгөн кат
3. Көрсөтүлгөн кат
4. Көрсөтүлгөн кат
5. «Мунун пайдасы кимге?» // КМ. - 1988. - 30-май.
6. Көрсөтүлгөн кат
7. Көрсөтүлгөн кат
8. Көрсөтүлгөн кат
9. Көрсөтүлгөн кат
10. Көрсөтүлгөн кат
11. Көрсөтүлгөн кат
12. Көрсөтүлгөн кат
13. Көрсөтүлгөн кат